УДК: 377
DOI 10.33514/1694-7851-2023-2-252-256

**Бузурманкулова А.А.**
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
e-mail: abuzurmankulova@mail.ru.
**Садыкова Л.Ж.**
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
e-mail: slira87@mail.ru
**Муратаева Н.Б.**
окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
nazik-1988@mail.ru
**Мокешов Ж.К.**
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИНДЕ ЭЛЕКТРОНДУК ОКУТУУ КУРАЛДАРЫН КОЛДОНУУ

**Аннотация.** Учурда Кыргызстанда дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кирүүгө багытталган жаңы билим берүү тутуму түзүлүп жатат. Азыр, окуу процессинде, салттуу басылып чыккан басылмалар менен катар, электрондук окутуу куралдары кеңири колдонулуп, аларды дистанттык билим берүү үчүн да, күндүзгү жана дистанттык окутууда өз алдынча иштөө үчүн колдонсо болот. Электрондук окуу куралдары окутуучунун жардамчысы катары колдонулат, алар жаңы материалдарды сунуштоодо, студенттердин билимин текшерүүдө жана баалоодо күнүмдүк жумуштарды аткарышат. Макалада электрондук окутуу куралдарын колдонуу багыттары талкууланып, электрондук колдонмолорду колдонуунун артыкчылыктары көрсөтүлгөн. Ошондой эле мугалимдер тарабынан электрондук билим берүүчү куралдарды түзүү тажрыйбасы көрсөтүлдү.

**Негизги сөздөр**: аралыктан окутуу, электрондук окуу курал, басылмалар, билим берүү процесси, Интернет, квалификацияны жогорулатуу.

**Бузурманкулова А.А.**
старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
abuzurmankulova@mail.ru.
**Садыкова Л.Ж.**
старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
slira87@mail.ru
**Муратаева Н.Б.**
преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева

г. Бишкек
e-mail: nazik-1988@mail.ru
**Мокешов Ж.К.**
старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

## ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ЭЛЕКТРОННЫХ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ПОСОБИЙ В ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ УЧРЕЖДЕНИЯХ

**Аннотация.** В настоящее время в Кыргызстане происходит становление новой системы образования, которая ориентирована на вхождение в мировое образовательное пространство. Сейчас в процессе обучения вместе с традиционными печатными изданиями широко применяются электронные учебные пособия, которые можно использовать как для дистанционного образования, так и для самостоятельной работы при очном и заочном обучении. Электронные учебные пособия используются в качестве помощников преподавателей, они выполняют огромную рутинную работу при изложении нового материала, при проверке и оценке знаний студентов. В статье рассмотрены области применения электронных учебных пособий показаны достоинства использования электронных пособий. Также показан опыт создания электронных образовательных пособий учителями.

**Ключевые слова:** дистанционное обучение, электронные учебные пособия, публикации, образовательный процесс, Интернет, повышение квалификации.

**Buzurmankulova A.A.**
Senior Lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
abuzurmankulova@mail.ru.
**Sadykova L.Zh.**
Senior Lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
slira87@mail.ru
**Murataeva N.B.**
Lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
e-mail: nazik-1988@mail.ru
**Mokeshov J.K.**
Senior Lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## USE OF ELECTRONIC EDUCATIONAL AIDS IN EDUCATIONAL INSTITUTIONS

**Abstract.** At present, a new education system is being formed in Kyrgyzstan, which is focused on entering the world educational space. Now, in the learning process, along with traditional printed publications, electronic teaching aids are widely used, which can be used both for distance education and for independent work in full-time and distance learning. Electronic textbooks are used as assistants to teachers, they perform a huge routine work in presenting new material, in testing and evaluating students' knowledge. The article discusses the scope of electronic teaching aids and shows

the advantages of using electronic manuals. The experience of creating electronic educational aids by teachers is also shown.

**Keywords**: distance learning, e-learning aids, publications, educational process, Internet, advanced training

Учурда Кыргызстанда дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кирүүгө багытталган жаңы билим берүү системасы калыптанып жатат. Педагогикалык процесстин мүнөзүн жана өнүгүү багытын аныктоочу эң маанилүү фактор катары маалыматтын ролу жана мааниси өсүүдө. Бул педагогикалык теорияда жана билим берүү процессинин практикасында олуттуу өзгөрүүлөр менен коштолот [1].

Бүгүнкү күндө окуу процессинде салттуу басма сөз каражаттары менен катар аралыктан билим берүү үчүн да, күндүзгү жана дистанттык окутууда өз алдынча иштөө үчүн колдонулган электрондук окуу куралдары кеңири колдонулат. Электрондук окуу колдонмолору мугалимдерге жардамчы болуп, жаңы материалдарды сунуштоодо, студенттердин билимин текшерүүдө жана баалоодо күнүмдүк жумуштарды аткарышат.

Электрондук колдонмо бул функциялары мазмунунан керектүү бөлүмгө гипершилтеме аркылуу өтүү мүмкүнчүлүгү менен чектелтен китептин электрондук версиясы эмес экендигин белгилей кетели. Берилген материалдын (лекция, семинар, тест, өз алдынча иштөө) берилишине жараша, электрондук колдонмону колдонуу натыйжасына жетүү үчүн сабактын жүрүшү тийиштүү түрдө ылайыкташтырылышы керек жана колдонмо керектүү окуу режимдерди колдоого тийиш. Туура колдонулган электрондук колдонмо көпчүлүк сабактарда, айрыкча маалыматтык технологияларга байланыштуу сабактарды өз алдынча үйрөнүүнүн күчтүү куралы болушу мүмкүн [2].

Эреже боюнча, электрондук окутуу куралдары модулдук негизде түзүлөт жана ал тексттик (аудио) бөлүк, графика (статикалык схемалар, чиймелер, таблицалар жана фигуралар), анимация, толук масштабдуу видео жазууларды, ошондой эле интерактивдүү блокту камтыйт. Компьютердик анимацияны колдонуу менен татаал схемаларды, процесстерди жана кубулуштарды макро жана микро дүйнөнүн элестетүүсүнө жана уникалдуу жабдуунун ичине көз чаптырууга мүмкүндүк берет. Мунун бардыгы билим берүү процессин көңүлдүү, жандуу жана акыры жемиштүү кылат [2, 3, 4].

Студенттердин өз алдынча иштөө учурунда электрондук окутуу куралдарынын мүмкүнчүлүктөрү бир кыйла деңгээлде ачылат. Бул жерде бардык мультимедиялык функциялары талап кылынышы мүмкүн: анимация жана видео, билим алуучуларды билим берүү процессине тартуучу жана анын алаксытышына жол бербеген интерактивдүү компоненттер, диктордун үнү жана тандалган музыкалык коштоо, жана компьютердеги издөө системасынын бардык мүмкүнчүлүктөрү [5, 6].

Бирок, предмет боюнча кандай гана толук окуу куралы болбосун окуучуга керек болгон баардык маалыматты камтый албайт, кошумча адабият талап кылынат. Интернеттин пайда болушу менен жана ар кандай багыттагы тематикалык сайттардын жана порталдардын тез өнүгүшү, тармакка туташуу жана издөө системаларына бир нече суроо берүү менен дээрлик бардык маалыматтарды табууга мүмкүн болду. Бирок мындай маалымат алуу системасы менен дагы, белгилүү бир кыйынчылыктар болушу мүмкүн. Бул учурда, электрондук колдонмонун артыкчылыгы – дисциплинаны өздөштүрүү үчүн зарыл болгон материалдардын бардыгы (же көпчүлүгү) бир жерге топтолгонунда жана билим алуучулар бул материалды ар кандай булактардан издөөгө убакыт коротпойт. Мындан тышкары, эгерде окуу китебинде билимди текшерүү үчүн тесттик тапшырмалар камтылса, студент өздөштүргөн материалын өзүн-өзү текшере алат [7].

Билим алуучулар өз алдынча иштөөсү үчүн электрондук колдонмону пайдаланууга мүмкүн болгон тармактарын санап көрөлү.

**1. Теориялык материалды үйрөнүүдө.**

Бул жерде электрондук колдонмо билим алуучуга окуу программасына ылайык материалды өздөштүрүүсүнө жардам берүү максатында иштелип чыккан. Электрондук сабактардын төмөнкү функциялары пайдалуу: каалаган фрагментке өтүү жана кайра ага кайтуу мүмкүнчүлүгү менен болгон интерактивдүү презентация; анимация жана видео фрагменттерин көрүү; колдонмонун каалаган фрагментинен токтотуу жана баштоо мүмкүнчүлүгү; графикалык сүрөттөрдү көрсөтүү мүмкүнчүлүгү; окуу программага ылайык материалды алдын-ала тандап алуу мүмкүнчүлүгү ж.б.

**2. Лабораториялык жана практикалык тапшырмаларды аткарууда.**

Көптөгөн окуу курстарынын ажырагыс бөлүгү болуп лабораториялык иштер эсептелет, алар электрондук колдонмолордун жардамы менен өткөрүүгө мүмкүн болот. Маалыматтык технологиясына багытталган дисциплинар үчүн электрондук симуляторлорду колдонуусу айкын. Мисалы, электрондук колдонмолордо жумушчу моделдер көп колдонулат: локалдык тармактардагы лабораториялык иштерде бардык эксперименттер лабораториянын локалдык тармагында жүргүзүлүшү мүмкүн. Бул процесс жашоого эң жакын.

Дисциплинанын темасына ылайыктуу кырдаалды түзүүгө мүмкүн болбогон учурларда симуляциялык программалар колдонулат. Мындан тышкары, мугалимдин экранында студент-тердин тапшырмаларды аткаруу ылдамдыгындагы айырмачылыкты эске алган тапшырмалар-дын статистикасын чогултууга болот. Электрондук окуу колдонмосу ашыкча сандагы тапшырмаларды камтышы керек, эгерде зарыл болсо, студент ошол эле тема боюнча кайталап жана кошумча тапшырмаларды аткара алат.

Эгерде практикалык тапшырманы аткарууда билим алуучу лекциялык материалга кайры-лышы керек болсо, анда ал өзүнө керектүү болгон лекцияны оңой эле таба алат; электрондук колдонмодо темаларга өтүү, анын ичинде логикалык жактан байланышкан темаларга дагы бе-рилиши керек, бул практикалык тапшырмаларды аткарууда электрондук колдонмолорду пай-далануунун артыкчылыктары деп айтууга болот. Эгерде сабак учурунда жалаң гана өз алдынча иш күтүлсө (теориялык материалсыз), анда окутуучуга студенттердин лекциялык материал-дарды алуу мүмкүнчүлүгүн чектөө мүмкүнчүлүгү мугалимге берилиши керек.

**3. Алынган материалды өзүн-өзү текшерүүдө.**

Компьютердик технологиянын көптөгөн мүмкүнчүлүктөрү семинарларга колдонулганда пайдалуу болот. Электрондук колдонмолордун тесттик тапшырмаларын колдонуп, билим алуучулар өздөштүргөн материал боюнча өзүн-өзү текшерип көрө алышат, жана дисциплина боюнча билимдеги кемчиликтерди өз алдынча аныктоо жана начар өздөштүрүлгөн материал-ды кайра окууга мүмкүнчүлүк алышат.

Электрондук окуу куралдарын колдонуу билим берүү процессине алып келген бардык артыкчылыктарга карабастан, электрондук колдонмолор жардамчы курал гана экендигин, жана алар мугалимдин ордуна эмес, анын ордун толтуураарын унутпоо керек [8].

И. Арабаев атындагы КМУнин квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо институтунда «Электрондук окуу куралдарын даярдоо технологиясы» курсу 72 саат өлчөмүндө мектептин мугалимдери үчүн уюштурулган.

Курстун негизги максаты: мектеп мугалимдерин электрондук окутуу куралдарын иштеп чыгууга даярдоо, билим берүү процессинде МКТны колдонуу. Мектептин мугалимдери үчүн мындай курсту өткөрүлүшү билим берүүнү модернизациялоо, мазмунду иштеп чыгууга болгон мамилелердин өзгөрүшү, компетенттүүлүк мамилени ишке ашыруунун заманбап шарттарында билим берүү процессинде сабактарды МКТны пайдаланып активдүү формаларын колдонуу көйгөйү азыркы мезгилде актуалдуу.

Программаны өздөштүрүү алкагында окутуучулар электрондук окуу куралдарды өз алдынча иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк бере турган билимди жана көндүмдөрдү өздөштүрүшү керек болчу.

Курстун баштапкы этабында катышуучуларынын МКТнын компетенттүүлүгүнө кирүү диагностикасы үчүн анкета аркылуу баштапкы диагностика жүргүзүлгөн. Сурамжылоонун максаты - программаны өздөштүрүү жана жыйынтыктоочу проекттин темасын тандоо үчүн

жеке траекториянысын аныктоо. МКТны колдонуу жаатындагы курстун катышуучуларнын даярдык деңгээли баштапкы этапта маалыматтык технологияларды педагогикалык ишмердүүлүккө колдонуу жана ЭОКнк иштеп чыгуу үчүн жетиштүү деп мүнөздөлсө болот .

Баштапкы диагностикасынын натыйжалары төмөнкүдөй: МКТнын компетенттүүлүгүнүн төмөн деңгээлинде – 5%; орточо деңгээли менен – 51%; МКТ компетенттүүлүк жогорку деңгээлдеги – катышуучулардын 44%.

Курстун мазмунду өздөштүрүү окутуучулар өз алдынча иштөө процессинде жүргүзүлдү.

Окуу программасынын алкагында, курстун жетекчиси катышуучулар менен бетме-бет консультацияларды, ошондой эле ар бир модулдун лекцияларынын материалдары боюнча онлайн консультацияларды өткөрдү. Мындан тышкары, мугалим жыйынтыктоочу ишти аткарууда катышуучулар менен жекече консультациялар өткөрдү.

Электрондук окуу куралын иштеп чыгууда катышуучуларга «SunRav BookReader», «TurboSite » программалары сунушталды. Программалардын программалык оболочкалары «достук» жөнөкөй интерфейси; гипершилтемелер аркылуу колдонмонун ар кайсы материалга өтүү мүмкүнчүлүгү менен; видео, фото материалдарды, презентацияларды кошумча жолдор менен кошуу; үн текстти чыгаруу мүмкүнчүлүгү менен көрсөтөлгөн.

Курстун катышуучуларын жыйынтыктоочу контролдун формасы бул иштелип чыккан долбоорлорду – электрондук окутуу куралдарын коргоо.

Курстун катышуучулары өмүр бою үйрөнүү жөндөмүнө ээ болуп, билимин дайыма толуктап, өркүндөтүп турган билим алуучулар үчүн электрондук окуу колдонмолорун даярдашты. Маалыматтык технологияларды колдонуу алардын чеберчилик деңгээлин сактап калбастан, аны дайыма өркүндөтүп турууга мүмкүнчүлүк берет.

**Колдонулган адабияттар*:***

1. Калдыбаев С.К. Основные направления информатизации образования в Кыргызстане / С.К. Калдыбаев, А.А. Ахсутова // Международный журнал экспериментального образования. – М., 2018. – №8. – С. 18–23

2. Калдыбаев С.К. Электрондук билим берүү ресурстарынын мааниси / С.К. Калдыбаев, А.А. Бузурманкулова // Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2020. – №3. – С. 30–37.

3. Касымалиев М.У. Методы использования информационных систем для создания электронных средств в изучении школьного курса информатики / М.У. Касымалиев / [электронный ресурс] – режим доступа: http://news.scienceland.ru/2016/02/13/753

4. Бузурманкулова А.А. Электрондук окуу китептерди иштеп чыгуу прициптери // Вестник НГУ им. Нааматова. – 2018. – С. 38–41.

5. Опыт использования ЭОР [Текст] / [Электронный ресурс] – режим доступа: http://eor-np.ru/node/90

6. Мокешов Ж.К., Бузурманкулова А.А., Бузурманкулов А.А. // Проблемы подготовки и применения мультимедийных презентаций // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2016. – №5. – С. 38–41.

7. Касымалиева, Г.О. Применение электронно-образовательных ресурсов в учебном процессе начальной школы [Текст] / Г.О. Касымалиева, Э.С. Сейталиева // Высшее образование Кыргызской Республики. – Бишкек, 2016. – №2(32). – С. 32–34.

8. Калдыбаев С.К. Педагогикалык окуу жайынын студентинин маалыматтык компетенттүүлүгү: маңызы жана түзүмү / С.К. Калдыбаев, Л.Ж. Садыкова / Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2020. – №4. – С. 77–84.

9. Мокешов, Ж.К. Разработка электронной рабочей тетради / Ж.К. Мокешов, А.А. Бузурманкулова // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2017. – № 5-1. – С. 27–30.

**Рецензент: физ.-мат. илим. канд., доц. Бексултанов Ж.Т.**